*Усенов Адилет Алимжанович*

# Ч.АЙТМАТОВДУН “ЖАМИЙЛА” ПОВЕСТИНДЕГИ ГЕНДЕРДИК СИМВОЛДОР ЖАНА СҮРӨТТӨӨ ЫКМАЛАРЫ

*Усенов Адилет Алимжанович*

# ГЕНДЕРНЫЕ СИМВОЛЫ И МЕТОДЫ ОПИСАНИЯ В ПОВЕСТИ ЧИНГИЗА АЙТМАТОВА “ЖАМИЙЛА”

*Usenov Adilet Alimzhanovich*

# GENDER SYMBOLS AND METHODS OF DESCRIPTION IN THE NOVEL BY CHINGIZ AITMATOV “ZHAMILLA”

**УДК 82-1/-9**

***Аннотация.*** *Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун “Жамийла” повестиндеги гендердик символдор менен сүрөттөө ыкмалары философиялык талдоого алынат. Изилдөөнүн негизги максаты - чыгармадагы аял менен эркектин образдарынын өз ара байланышын, алардын социалдык жана психологиялык мүнөздөмөлөрүн, ошондой эле жазуучунун аларды сүрөттөөдөгү көркөм каражаттарын гендердик аспекттен чечмелөө болуп саналат. Макалада гендер теориясына, феминисттик философиялык таанууга жана символизмге таянуу менен чыгармадагы пейзаж, үн, көз караш, жол, табият элементтери гендердик маани берип турган символдор катары кандай колдонулгандыгы талданды. Жамийланын образы салттуу патриархалдык коомдогу аялдын ролуна каршы турган, өз тагдырын өзү тандаган аялдын символу катары чечмеленди. Ошондой эле, Даниярдын образындагы эркектик сезимталдык, ички дүйнөгө багыт алуу - кыргыз коомундагы эркек каармандардын жаңыча типажы көрсөтүлдү. Повесттеги сүрөттөө ыкмалары - метафора, пейзаждык параллелизм, ички монолог, поэтикалык тил - гендердик теманы тереңирээк ачып берүүгө жардам берди. Бул макала гендердик түшүнүктөрдүн көркөм чагылдырылышын изилдөөдө жана Чыңгыз Айтматовдун чыгармачылыгын жаңы аспекттен кароодо маанилүү салым болоору белгиленди. Жыйынтыгында, Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестиндеги гендердик образдардын өз ара байланышы, мүнөздүү өзгөчөлүктөрү, гендердик символдор философиялык өңүттө талданды.*

***Ачкыч сөздөр:*** *гендер, гендердик символдор, сүрөттөө ыкмалары, феминизм, аял образы, гендер теориясы, табият символикасы, көркөм талдоо, маскулиндик мүнөз, гендердик стереотип.*

***Аннотация:*** *В этой статье будет проведен философский анализ методов изображения гендерных символов в повести Чингиза Айтматова “Жамийла”. Основной целью исследования является интерпретация с гендерной точки зрения взаимосвязи женских и мужских образов в произведении, их социальных и психологических характеристик, а также художественных средств писателя в их изображении. В статье анализируется, как элементы пейзажа, голоса, взгляда, пути, природы в произведении используются в качестве символов, которые придают гендерную значимость, опираясь на гендерную теорию, феминистское философское признание и символизм. Образ Жамийла интерпретировался как символ женщины, которая выбирает свою судьбу, что противоречит роли женщины в традиционном патриархальном обществе. Также в образе Данияра проявилась мужественность, ориентация на внутренний мир - новый типаж мужских персонажей в кыргызском обществе. Описательные приемы в повествовании - метафора, пейзажный параллелизм, внутренний монолог, поэтический язык - помогли глубже раскрыть гендерную тему. Было отмечено, что данная статья станет важным вкладом в изучение художественного представления гендерных концепций и рассмотрение творчества Чингиза Айтматова с новой стороны. В результате на философском аспекте проанализированы взаимосвязи, характерные особенности, гендерные символы в повести Ч.Айтматова “Жамийла”.*

***Ключевые слова:*** *пол, гендерные символы, методы изображения, феминизм, женский образ, гендерная теория, символика природы, художественный анализ, маскулинность, гендерные стереотипы.*

***Annotation:*** *This article will provide a philosophical analysis of the methods of depicting gender symbols in the novel by Chingiz Aitmatov "Zhamilla". The main purpose of the study is to interpret from a gender perspective the relationship between female and male images in the work, their social and psychological characteristics, as well as the artistic means of the writer in their depiction. The article analyzes how the elements of landscape, voice, gaze, path, and nature in the work are used as symbols that give gender significance, based on gender theory, feminist philosophical recognition, and symbolism. The image of Jamilla was interpreted as a symbol of a woman who chooses her fate, which contradicts the role of women in a traditional patriarchal society. Also, in the image of Daniyar, masculinity, orientation to the inner world appeared – a new type of male characters in Kyrgyz society. Descriptive techniques in the narrative - metaphor, landscape parallelism, inner monologue, poetic language - helped to reveal the gender theme more deeply. It was noted that this article will be an important contribution to the study of artistic representation of gender concepts and consideration of the work of Chingiz Aitmatov from a new perspective. As a result, the interrelationships, characteristic features, and gender symbols in the novel are analyzed on the philosophical aspect Ch.Aitmatov's "Jamilla".*

***Keywords:*** *gender, gender symbols, methods of representation, feminism, female image, gender theory, symbolism of nature, artistic analysis, masculinity, gender stereotypes.*

**Киришүү.** Чыңгыз Айтматовдун "Жамийла" повести дүйнөлүк адабияттын классикасына айланган чыгармалардын бири болуп эсептелет. Бул чыгарма өзүнүн терең философиялык мазмуну, көркөм образдары жана реалдуу турмушту чагылдырган баяндоосу менен айырмаланат. Айрыкча, чыгармадан гендердик символдорду жана сүрөттөө ыкмаларын талдоо философия илими үчүн маанилүү багыттардын бири болуп саналат.

Гендер маселеси кыргыз коомундагы актуалдуу маселелерден болуп саналгандыктан, бул чыгармадагы гендердик талдоо өзгөчө мааниге ээ.

**Материалдар жана изилдөө ыкмалары**. Илим чөйрөсүндөгү ишмерлерге сунушталган илимий макалада жобого ылайык принциптер (объективдүүлүк, принципиалдуулук, тарыхыйлуулук, натыйжалуулук, сынчыл ой жүгүртүү жана ачык айкындуулук) эске алынды. Илимий методдор катары герменевтика, анализ жана синтез, индукция жана дедукция, компаративдик жана башка методдор колдонулду. Герменевтика ыкмалары айтып жеткирүү максатын ишке ашырса, илимий адабияттар менен иш алып барууну жана аны талдоого анализ жана синтез методу колдонулду. Индукция жана дедукция методу "Жамийла" повестинен белгилүү эпизоддорду, каармандардын жүрүм-турумун ачык жана жашыруун гендердик символдорду, гендердик концепцияларды анализдөөгө жардам берди. Чыгармадагы каармандарды бири-бири менен салыштыруу методун компаративдик ыкма ишке ашырды. Жыйынтыгында логикалык анализ ыкмасы колдонулду.

**Талкуулар жана тыянактар.** Ч.Айтматовдун чыгармаларында гендер маселеси олуттуу маселелердин катарында турат. Гендер темасы илимий өңүттө терең изилдөөнү талап кылган темалардын бири. Эми гендер терминининин маанисине токтололу.

***Гендер*** - бул коомдо аялдар менен эркектердин социалдык ролдорун, милдеттерин жана мүмкүнчүлүктөрүн аныктаган кеңири түшүнүк. Ал биологиялык жыныстан айырмаланып, коомдун маданияты, салт-санаасы жана тарыхый факторлор аркылуу калыптанат. Гендердик мамилелер коомдун бардык чөйрөсүнө таасир этет жана адамдардын күнүмдүк жашоосунда маанилүү роль ойнойт. Окумуштуу М.М.Эдилованын пикирине ылайык: "гендер" кулакка өөн учураган феномен, биздин илимий таанымда кечээ жакында эле пайда болуп, аялдарга гана эмес, эркектерге да проблемаларды жараткан көрүнүштү изилдөөчү багыт" [1,8]. Демек:"Гендер коомдошуунун продукциясы, аял жана эркектин коомдогу ролу, аялдардын аял катары, эркектердин эркек катары

калыптануусунун мүнөздүү өзгөчөлүктөрү” [2]. Демек, гендер маселесин коомду социалдык стратификациялоо көрүнүшү катары карасак болот.

Алгач, Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестиндеги гендердик символдорго токтололу. Символ – түз мааниден сырткары кошумча, терең мазмунду билдирген белги, образ же көрүнүш. Символдор жөнөкөй сөздүн же нерсенин артында абстрактуу ойду, идеяны, нерсени, көрүнүштү жашыруун камтып турат. Ал эми гендердик символдор – бул коомдогу аялдарга же эркектерге тиешелүү деп эсептелген образдарды белги баяндоолорду же маанилерди камтыган сүрөттөө каражаттары болуп саналат.

Ал эми Ч.Айматов болсо гендердик символдор аркылуу коомдогу аялдардын абалын, алардын сүйүүгө жана эркиндикке болгон умтулуусун сүрөттөйт. Жазуучу аялдардын коомдогу чектелген ордун, алардын өз алдынча чечим кабыл алуу укугунун чектелгендигин гендердик символдор аркылуу чагылдырып, башкы каарман Жамийланын образында бул стереотиптерге каршы чыккан күчтүү символду түзгөндүгүн байкоого болот. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы аял каармандарды салыштыруу аркылуу, жазуучу ар бир аял образын өзүнүн жашаган коомунун шарттарына жараша ар түрдүү көрсөтүп, аларды тарыхый жана социалдык контексти менен изилдөөгө мүмкүнчүлүк түзөт. Бул чыгармадан коомдук өзгөрүүлөрдү, аялдардын укуктары жана алардын эркиндикке болгон умтулуусу тууралуу маанилүү ой-пикирлер чыгат. Ошондой эле, гендердик символдор чыгарманын темасын жана каармандардын ички дүйнөсүн терең түшүнүүгө жардам берет. Аял табиятынын сүрөттөлүшү аркылуу Ч.Айтматов аялдын эркиндигин, сүйүүсүн жана коомдук чектөөлөргө каршы туруусун символикалуу түрдө көрсөтөт.

Чыгармада бир катар гендердик символдорду байкоого болот. Алардын арасынан кээ бирине токтоло кетели.

***Жол символу*** - бул Жамийланын тагдыры жана анын жашоосундагы тандоолорду билдирип, бир жагынан, анын сүйүүгө карата жолун, ал эми башка жагынан анын коомдук чектөөлөрдөн чыгууга умтулуусун көрсөтүп, Жамийланын сапары, өзүнүн каалоосун аткаруу жолу, каармандын эркиндикке жетүү талпынышынын символу болуп саналат [3, 130-131].

***Суу символу*** - бул чыгармадагы каармандардын ички дүйнөсүн, алардын эркиндигин жана жашоосунун агымын билдирип, айрыкча, Жамийланын табигый жана кысымдан көз каранды эмес абалы, аккан дарыя сыяктуу үзгүлтүксүз өзгөрүп турган жашоосун боолгосо, Данияр үчүн суу жолдош катары кызмат аткарып, суу тазалыктын, эркиндиктин жана жашоонун айкалышын символдоштурат [3, 124-128-169].

***Табият символу*** - бул чалкыган мейкиндик, кенендик, баарын кучагына батыруу, жашоонун өзөгү. Автордун сөзү менен айтканда: “Ой, айланайын кең талаам! Казак боордошум жердеген, алп талаам! Мынакей, биздин тоолорду эки жакка керип таштап, чий менен шыбакка ыргалып, көз жетпеген деңиздей көлкүп жатасын. Ким билет сендеги жаткан күчтү!” – деп бир жагынан адамзаттын жашоонун өзгөгүн түзөөрүн кабарлап турса, экинчи жагынан ошол мейкиндикте табышкан эркек жана аял затынын күбөсү катары даңазалайт [3, 149].

**Садык** - эски коомдун үлгүсү, ал биринчиден, патриархалдык коомдун өкүлү катары сүрөттөлөт. Садык - аялдын орду чектелген, анын максаттары жана үмүттөрү коомдук нормаларга дал келүүгө умтулат. Ал үй-бүлөдөгү салттуу ролду сактап, Жамийланын сүйүүсү менен урматтоосун кабыл алууда коомдук нормаларга таянып жашайт. Садыктын образында туруктуулук, бекемдик жана өткөн доордун маанилүү түшүнүктөрү бар. Ал өзгөчө сүйүүнү же эркиндикти талап кылбаган, өзгөрүүлөргө каршы чыккан, бир чети өз ордуна байланышкан эркек образын түзөт [3, 116].

**Данияр** - чыгармада: “...кабагы дайыма чарчаңкы жыйрылып, көзү бир калыпта салмактуу тиктейт” же “...мурдагыдай эле бир сырдуу токтоо мүнөз” – деп сүрөттөлүп, эркиндикке жана сүйүүгө, өзүнүн ички дүйнөсүн ачуучу образда берилет. Данияр сүйүүнү жана каалоолорду эркин ачыктабаганына карабастан, ал коомдук чектөөлөрдү же салттарды бузуудан коркпогондугу менен өзгөчөлөнөт. Ал келечек жашоосу үчүн Жамийланын чечимин четке какпайт жана жаңы жашоого чечкиндүү кадам таштайт.

Даниярдын образында эмоционалдык ачыктык, интеллектуалдык эркиндик жана жаңы көз караштардын белгиси көрүнөт. Ал жаңы жашоого, жаңы мүмкүнчүлүктөргө жана өзгөрүүлөргө даяр [3, 126-141].

**Жамийла** - жумушка кайраттуу, мыкты келинчек, бирок мүнөзү башкачараак [3, 112] - деген автордун көз карашына кошулуу менен феминисттик көз караштын алкагында карасак, ал коомдук нормаларга каршы чыккан, эркиндикке жана сүйүүгө болгон умтулуусун жогору койгон образда сүрөттөлөт. Ал өзүнүн тагдырын жана сүйүүсүн эркин тандоодо, патриархалдык чектөөлөргө жана аялдардын коомдогу ордуна каршы күрөшөт. Жамийланын эркиндикке болгон умтулуусу, сүйүүсү үчүн күрөшү жана өзүнүн каалоосуна ылайык жашоосун түзүү үчүн болгон аракеттери феминисттик көз караштан коомдогу гендердик теңсиздикке каршы күрөшүүнүн көрүнүшү болуп саналат. Жамийланын сүйүү үчүн күрөшү жана анын эмансипациясы чыгарманын негизги тема болуп саналып, анын сүйүүсү жана эркиндикке болгон умтулуусу, анын патриархалдык чектөөлөргө каршы күрөшүүсүнүн жана өз каалоосу боюнча жашоону тандап алышынын символу болуп саналаарын белгилей кетүүгө болот. Жамийланы “Жылкычы кыз” образына салыштыруу табигый түрдө чыгыш өлкөлөрүнүн (биздин пикирде - кыргыз) маданиятына мүнөздүү көрүнүш экендиги орус окумуштууларынын изилдөөлөрүнөн да кездешээрин [4, 213] мурунку жарык көргөн макалада белгилеп өткөнбүз.

**Контраст жана карама-каршылык** - Садык менен Даниярдын сүрөттөөлөрү аркылуу, Ч.Айтматов эски жана жаңы жашоонун ортосундагы катаал карама-каршылыкты көрсөтөт. Садык - салттуу, чектелген жашоонун каарманы болуп саналса [3, 116], ал эми Данияр - чечкиндүү, келечек жашоосу үчүн кадам таштай алган эркек затынын символу. Бул контрасттын мааниси коомдук, маданий жана психологиялык өзгөрүүлөрдү, ошондой эле адамдын ички эркиндикке умтулуусун ачат [3, 171].

**Үн жана ыр эркиндиктин символу.** Айтматовдун чыгармасында үн жана ыр эркиндиктин жана жашоонун өзөгү катары каралат. Жамийланын үнү, анын ырлары (Шай оромол бир байлам, жанымда жүрсөң садагам) аркылуу анын ички дүйнөсү, толкундары жана сүйүүсү үчүн күрөшү чагылдырылат. Үн жана ыр - ал эмоцияларды, каалоолорду жана тагдырга болгон көз карашты эркин жана ачык түрдө билдирүүгө мүмкүндүк берген символдор. Ал өзүнүн дүйнөсүн үн жана ыр аркылуу ачып, ошондой эле коомдук чектөөлөрдөн көз карандысыз экендигин билдирет. Ал эми Даниярдын ыры шаңшыган жана созолонгон обон. Анын обонунда жалын менен чексиз мээрим адамды таң калтырат. Чыгармада: “Колдон келсе, кагазга жазып отурбай, бул укмуштуу обондун өзүн салып берсем” – деген саптар бар [3, 143-144].

***Чыңгыз Айтматовдун “Жамийла” повестиндеги гендердик сүрөттөө ыкмалары.*** Ч.Айтматов повестте натуралисттик, символикалык жана психологизмге негизделген сүрөттөө ыкмаларын колдонгондугуна токтололу.

*Табият аркылуу берилген сүрөттөө* – Даниярдын ырдаган учурунда деңиздин толкуну удургуп каптагандай, төктүрмө обон ташынып, анын сөз айтууга чамасын келтирбей жатты деген образ табияттын өзгөрүшү, анын ички дүйнөсүнүн күчүн, тазалыгын ачып берип, бул көрүнүш чыгарманы эмоциялык жактан күчтөндүрүп тургандыгы байкалат [3, 145].

*Символдор аркылуу берилген сүрөттөө* – Жол (жол алыс, темир жол капчыгайдын этегинде), суу (суу аккан чоң сай, сайда шаркырап аккан суунун шарын, күркүрөө эчтекеге ээ-жай бергисиз жапайы күч менен жердин астынан чыккандай күңгүрөнүп, жандуу, тилдүү немедей сүрдүү, укмуштуу күү чалат), ай (айдын күүгүм жумшак жарыгы), түн (мемиреп жуушаган түнкү тынчтык) сыяктуу элементтер каармандардын жашоо жолунун өзгөрүшүн, тагдырдын агымын символдоштуруп тургандыгы чыгарманын бир катар беттеринен кездештирүүгө болот [3, 124-132].

*Психологиялык сүрөттөө* – Каармандардын ички сезимдери терең жана так берилет. Жамийланын чечкиндүүлүгү чыгармада: “Жамийла Даниярга шыбырап жатты...” [3, 170]., Даниярдын сезимталдыгы сүрөттөө аркылуу жандуу берилгендиги менен өзгөчөлөнөт [3, 171].

Эми Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестиндеги гендердик стереотиптерди талдоого өтөлү.

*Баш каарман Жамийланын образы аркылуу гендердик стереотиптерди сынга алуу.* Жамийла патриархалдык коомдун негизги гендердик стереотиптерине каршы күрөшкөн, сүйүүсү үчүн келечектүү кадам таштай алган аял затынын символу болуп саналат. Ал өз доорундагы аялдардын ролунан жана социалдык чектөөлөрдөн баш тартып, эркиндикке жана сүйүүгө болгон умтулуусун көрсөткөн каарман. Жамийланы образдуу сүрөттөө аркылуу Ч.Айтматов гендер боюнча жашоодогу ролду, аялдардын коомдогу салттуу ордун жана милдеттерин кыйытып чагылдырат. Жамийланын эркиндикке умтулуусу коомдогу аялдардын негизги ролунан (үй-бүлөнү башкаруу, балдарды багуу, эркек үчүн кызмат кылуу) бир топ айырмаланат.

*Эркек затына таандык гендердик стереотиптердин берилиши*. Ч.Айтматов бул чыгармасында эркек каармандардын гендердик стереотиптерин так көрсөтө алган. Маселен, Садык жана анын атасынын образдары аркылуу гендердик стереотипке карама-каршы көрүнүштөрдү белгилейт. Ал эми Данилардын образы аркылуу анын салттуу эркектик стереотиптерден айырмаланышын, сезимтал жана түшүнүктүү эркек феномени катары сүрөттөлөт [3, 116].

*Коомдогу салттык стереотиптерди сынга алуу.* Ч.Айтматов гендердик стереотиптерди сынга алууда коомдун эркектерге (Мисалы, Садык дагы жылкычы болуп жүрүп, жайлоодогу малчылардын тоюнда кыз куумайга түшүп, Жамийлага жетпей калган имиш, ошондон кийин намыстанып, ала качып келгенин уккам) жана аялдарга (Мисалы, жесирдин башын байлап коелу деп, кудайга тууралап менин атама никелеп коюшат) болгон мамилелерди сүрөттөйт. Ошондой эле, аялдардын социалдык ордуна болгон мамиле, алардын мүмкүнчүлүктөрүн чектөөдө көрүнөт: “Жамийланын жүрүш-турушунда кандайдыр бир кайраттуулук, эркекке таандык мүнөз бар. Ар бир ишке шамдагай киришип, башка келиндердей башым белим дечү эмес. Анан өзү да бирөөгө жемин жегизбеген өжөр, айтышкан менен айтышып, тилдешкен менен тилдешип, ал турган бир эки жолу келиндер менен тытышканы да бар. Жан жакадагы жеңе-желпилер: “Э, ботом бул кандай тыкчыңдаган келин эле! Эшик төрдү көргөнүнө бир күн болбой жатып, тили менен тим эле буудай кууруйт!” – деген мүнөздөмөлөр салттык стереотиптерге карама-каршы көрүнүштөн кабар берип турат [3, 112-116]. Демек, Ч.Айтматов бул образдар аркылуу коомдогу салттык стереотиптерди сынга алат. Коомдогу салттык билимдер багытында жазылган илимий макалаларда анын позитивдүүлүгү баса белгиленет [6], бирок, жазуучунун чыгармасынын мазмунун сын көз караш түзөөрү биз тарабынын коюлган максатка үндөшүп турат.

**Корутунду.** Ч.Айтматовдун чыгармаларын илимий өңүттө изилдөөнүн актуалдуулугу илимий макаланы даярдоонун алкагында белгилүү болду. Бул багытта бир катар окумуштуулар илимий талдоолорду жүргүзүшкөн [5]. Илимий ишти даярдоонун жол-жоболоруна ылайык, чыгармадагы гендердик образдардын өз ара байланышын, алардын социалдык жана психологиялык мүнөздөмөлөрүн, ошондой эле жазуучунун аларды сүрөттөөдөгү көркөм каражаттарын гендердик аспекттен чечмелөөлөрү максат катары коюлуп, анын алкагында теориялык жана методологиялык изилдөө ишке ашты. Гендер маселеси илимий изилдөөнүн объектиси катары тандалып, предмети катары Ч.Айтматовдун “Жамийла” повестиндеги гендердик стереотиптер, символдор жана сүрөттөөлөр илимий талдоодон өткөрүлдү.

Жыйынтыктап айтканда, Ч.Айтматовдун “Жамийла” чыгармасында аялдардын жана эркектердин коомдогу ролдору жана патриархалдык түшүнүктөрү сын көз караш менен берилип, жашоого жаңыча кадам таштоо идеялары сунушталгандыгы белгилүү болду. Чыгармада гендердик символдор, сүрөттөө ыкмалары жана стереотиптер өзгөчө көркөм сүрөтөөлөр менен берилгендиги, башкы каарман Жамийланын образы аркылуу Ч.Айтматов жалпы аял затынын ички дүйнөсүн, эркиндикке болгон умтулууларын, гендердик стереотиптерге каршы турууларын кылдат сүрөттөйт. Жазуучу символдор аркылуу гендерге тиешелүү образдарды терең ачып берет. Демек, чыгармадагы гендердик

символдор жана сүрөттөө ыкмалары маскулиндик жана феминисттик жан дүйнөнү ачып берүүгө жана коомдогу ордун, эркиндикке болгон укугун чагылдырууга кызмат кылгандыгы илимий талдоонун алкагында белгилүү болду. Гендер маселесине анализ жүргүзүү ушул мезгилге чейин да колго алынгандыгына токтолуу менен [7], келечекте да бир катар изилдөөлөр жүргүзүлө тургандыгын белгилей кетели.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Эдилова М.М. Гендер философиясы [Текст] / М.М.Эдилова. – Бишкек., 2022. – 238б.
2. https://elibrary.ru/item.asp?id=68570940
3. Айтматов Ч.Т. Жамийла [Текст] / Ч.Т.Айтматов. – Бишкек «Улуу тоолор».- 2018. – 524б.
4. Турбин В. Н. Пушкин. Гончаров. Лермонтов. Об изучении литературных жанров. М.: Просвещение, 1978. 239 с.

5. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=35645012
6. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=25715247
7. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=68570940